**УДК: 372.03**

# СЕГОДНЯШНИЕ СОСТОЯНИЕ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ РОДИТЕЛЕЙ В СЕЛЬКОЙ МЕСТНОСТИ

***Мадаминов Гапыр** , соискатель КГУ им.И.Арабаева  Баткенская область, Лейлекский район, №3школа гимназия*

**Аннотация:** в статье говорится о педагогической культуры родителей. А также проводится анализ нынешних состояний педагогической культуры родителей. Чтобы поднять уровень педагогической культуры родителей, получен опыт проведенного в Лейлекском районе №3 школы гимназии, авторской школы “Школа материнства” и “Даанышман”.

**Ключевые слова:** педагогическая культура родителей, педагогическая культура, нынешнее состояние, проблемы воспитание, этнопедагогика, “Школа материнства”.

# TODAY'S STATE OF THE PEDAGOGICAL CULTURE OF PARENTS IN THE GREAT LOCATION

***Madaminov Gapir,** Applicant of Kyrgyz State University named after I.Arabaev, Batken Province, Leilek District, No. 3 School Gymnasium*

**Annotation:** The article refers to the pedagogical culture of parents. And also an analysis of the current state of pedagogical culture of parents is conducted. In order to raise the level of the pedagogical culture of parents, the experience of the school of the gymnasium, the author's school "School of motherhood" and "Daanyshman", conducted in Leilek district No.3, was obtained.

**Key words:** pedagogical culture of parents, pedagogical culture, current state, problems of education, ethno-pedagogy, "School of motherhood".

# АЙЫЛ МЕКТЕПТЕРИНДЕГИ АТА-ЭНЕЛЕРДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫНЫН АЗЫРКЫ АБАЛЫ

***Мадаминов Гапыр** , И. Арабаев атындагы КМУнун изилдөөчүсү Баткен областы, Лейлек району, №3 гимназия мектеби*

**Аннотация:** макалада айыл мектептериндеги ата-энелердин педагогикалык маданияты тууралуу жазылган. Андан сырткары, ата-энелердин педагогикалык маданиятынын азыркы абалына  анализдер жүргүзүлгөн. Педагогикалык маданиятты көтөрүүдө Лейлек районундагы №3 гимназия мектебиндеги автордук “Энелер мектебинин” ишмердүүлүгү жана анын натыйжасы, тажрыйбалар жазылат.

**Түйүндүү түшүнүктөр**: ата-энелердин педагогикалык маданияты, педагогикалык маданият, учурдагы кырдаал, тарбия маселеси, этнопедагогика, “Энелер мектеби”, инсан ж.б.

Кыргызстандагы эгемендүүлүк жалдарынын башталышы, коомдук-саясий, социалдык турмуштагы оор абал, базар экономикасына өтүү мезгилдин алгачкы жылдары, кризистик өткөөл мезгил айыл мектептерине жана үй-бүлөлөргө өзгөчө катуу таасирин тийгизди.

Өткөөл мезгил өзүнүн баш-аламандыгы менен улуу-кичүү муундун аң-сезимине, билимине, тарбиясына, билимине, жүрүм-турумуна, өзүнө, коомго болгон мамилесине ж.б. кедерги болду. Коомдогу башаламан көрүнүш жайылып баратты. Булардын бардыгы биригип, үй-бүлөдөгү жаш балдардын аң-сезимине, тарбиясына терс таасир берип, аларды билим-тарбия алуудан алагды кылды. Албетте демократиялык мамлекетте эркиндик болуусу зарыл бирок, моралдык цензуранын сакталуусу да туура сыяктуу сезилет. Бирок, учурда ошондогу өткөөл мезгилдин бурганактап өтүп кеткендигин коомчулук моюнга алат. Себеби учурда маданияттуулук, таалим-тарбия, адеп, билим, илим ж.б. баалуулуктардын мааниси жогорулап баратканын байкайбыз.

Тилекке каршы, турмуш деңгээлдин төмөндүгүнө байланыштуу балдардын эмгегин пайдаланып, үй-бүлөнүн тиричилигин өткөргөн көрүнүштөр бар. Балдар талаада, базарда ж.б. жерлерде иштөө аркылуу үй-бүлөнүн бюджетин толуктоого, өзүнүн кийим-кечесине, тамагына каражат табууга аргасыз болууда. Миңдеген балдар сабактан кийин же сабакты калтырып, иштөөгө аргасыз болушууда. Булардын баары алардын билим тарбиясына эле эмес, ден-соолугуна да чоң зыян келтирүүдө.

Социологдордун эскертүүсү боюнча бүгүн үй-бүлө <u>кризистик</u> абалда турат. Жакырчылык, ата-энелердин турмуш тиричилик, акча табуудан бошобогондугу, үй-бүлөдөгү татаал психологиялык климат, үй-бүлөнүн кризистик абалга келүүсүнүн негизги себептери болууда.

Калкынын 2/3 бөлүгү айылда жашап, 80% айылдык мектептер болгон Кыргызстан үчүн учурда *үй-бүлөнүн жана мектептин кризистик абалы* мүнөздүү. Бул абалды ортого чыгарган себептерге токтоло кетсек:

*Айылда социалдык маданий инфраструктуранын жетиштүү өнүкпөгөндүгү*, үй-бүлө мүчөлөрүнүн мал чарбага, талаа иштерине, соода иштерине көпчүлүк убактыларын кетириши, ошол эле учурда балдарынын да ата-энелерге жардам берүү менен бакта, талаада тынбай иштөөсү. Ата-энелердин жумуштан колу бошобой баласынын тарбиясы менен алектенүүгө колу тийбестиги, кызыгууларынын, каалоосунун жоктугу.

*Мугалимдердин жетишпестиги*, алардын кесипкөйлүк, педагогикалык маданиятынын төмөндүгү, мектеп жетекчилеринин уюштуруу иштери менен гана алек болушу – айылдагы үй-бүлө, ата-энелер менен иштөөсүнө кедерги болууда.

*Айыл мектеп жетекчилерин тандоо, алардын жетекчилик маданиятын өстүрүүнүн* өзү да көйгөйлүү маселе. Мектеп директору чарбалык иштерге каражат чогултуу, сүрөөнчү издөө, ж.б. маселелер менен чектелип калууда. Ошол себептен мектеп жетекчилеринин өздөрүнүн жетекчилик педагогикалык маданиятын жогорулатуу боюнча атайын системалык окууларын уюштуруу зарылдыгы келип чыгууда.

Булардын баары 1990-жылдардын башы, андан кийинки убактардан бери келаткан маселелерден болуп, анын залакасы бүгүнкү күнгө чейин келип жетүүдө. Себеби ошол кезде төрөлгөн балдар билим, тарбия жагынан аксап чоңойгон балдар бүгүнкү күндө мектептерде жогорку класстарда окуп, студент болуп, алды ЖОЖду бүтүрүп, түрдүү тармактарда иштөөдө. Ошол кездеги жаш балдар азыр балалуу болуп, окуучулардын ата-энеси болуп калды. Алардын өз учурунда жакшы билим,тарбия ала албагандыктары азыр өз таасирин тийгизип турат. Биз албетте, аларды күнөөлөгүбүз келбейт, бирок, биз үй-бүлө, мектеп, адистер менен иштөөдө мына ушул түпкүрдөгү себептерди эске алып, ата-эне, жаш адистер менен иштөөдө бир кезде бөксө кемчиликтерди толтурууга маани берүүбүз зарыл.

Алгачкы байкоону Баткен облусунун мектептеринде жүргүзүп, жалпысынан 17 мектеп тартылып, 1000ден ашык окуучу, 570 ата-эне, 247 мугалим катышкан. Колдонулган методдор: байкоо жүргүзүү, тестирлөө, анкета, сурамжылоо, интервью алуу, аңгемелешүү, мектептин, класс жетекчилердин иш кагаздары, документацияларын талдоо болду. Мектеп окуучуларынын билим сапатынын деңгээлин изилдөө мектеп администрациясы менен биргеликте жүргүзүлүп, окуучулардын билим сапаты, тарбиясы жөнүндөгү статистикалык маалыматтар алынды. Андай маалыматтар боюнча окуучулардын 90% көбү сабактардан жетишип, айрым класстарда көрсөткүч 100% жеткендиги маалым болду. Отчеттук маалыматтар боюнча окуучулардын 45-49% “4” жана “5” деген бааларга окушат. Мындай корутунду мамлекеттик стандарттын, программанын талаптарынын толук аткарылып жатышын кабарлайт. Бирок, биздин атайын мониторинг жүргүзгөнүбүздө, чындыгында, окуучулардын билим сапаты бир топ төмөн болуп, кагаздагы отчет, статистикалык маалыматтар дайыма дал келе бербестиги иш жүзүндө аныкталды. Мисалы: 8-9-10-класстын окуучуларынан математика, химия, физика сабактарынан текшерүү иш алганыбызда, орус тили, кыргыз тили, тарых, география, адабият, оозеки жана жазуу түрүндө текшергенибизде окуучулардын билим сапаты төмөндүгү, б.а. жалаң “4”жана “5” жооп бергендер 20-30%дан ашпагандыгы, 30-40% балдар “3” жана “4” деген баа алып, 25-30% “2” алгандыгы аныкталды [5].

Андан кийинки этапта окуучулардын 50-60% китепти окуу жана түшүнүү нормасына жетише албастыгы аныкталды. Ал эми окуу жана түшүнүү бул башка баардык предметтерден жетишүүнүн негизи экендиги белгилүү. Жалпысынан мектеп окуучуларынын билим, тарбия сапаты программа талаптарына жооп бербегендиги аныкталып, бул абалды түзөтүүнүн бир жолу – ата-энелердин мектеп менен байланышы, балдардын билим алуусуна жана тарбиясына кызыгуусу, бул багытта мектеп, мугалим менен кызматташуусу жөнүндөгү маселелерди сурамжылоо, анкета алуу, аңгемелешүү ж.б. методдор менен үйрөнүп чыктык. Жыйынтыгында ата-энелердин 20-30% балдарынын билим тарбиясына кызыгат жана мектеп менен кызматташат. 30-40% анча-мынча сурап текшерип, чогулушка келип, ошону менен гана чектелет. Ал эми калган 20-30% такыр кызыкпайт кайдыгер, мугалим, мектеп менен байланышы жок, чакырса да келбейт. Бул 20-30% кайдыгер ата-энелерди изилдеп чыкканыбызда алардын себептери төмөнкүдө болуп чыкты [5]:

- *жакырчылык, жумушсуздуктун айынан Бишкекке жана Россияга жумуш издеп кеткен ата-энелер;*
- *өздөрү айылда жашагандыгы үчүн мал, талаа жумуштары менен убара болуп, колу бошобойт. Балдарын да тиричилик жумуштарына көп тартып, алардын билим, тарбия алууга убакты болбойт;*
- *үй-бүлөдө билим, тарбия баалуулугу жетишпегендиктен өздөрү да кызыгышпайт, балдарынын жакшы окуусуна кайдыгер карашат;*
- *көйгөйлүү үй-бүлө (ата-эне ажырашкан, ичип кеткен, чыр-чатак көп ж.б.).*
- *байлык, мал дүнүйөгө өтө кызыгып, ошого жетишип байгерчиликте жашайт. Бардык ишти акча менен чечсе болот деп ишенип, мектеп мугалимин тоготпой мамиле кылат. Мындай мамиле балдарына да өтүп кеткен, ошол себептүү билим, тарбияга кызыкпайт, мугалимге анын ой – пикир сунуштарына шылдыңдап мамиле кылат;*
- *мектептин балдарына жакшы билим, тарбия берүүсүнө, мугалимдердин кесипкөйлүгүнө ишенбей мамиле кылат. Балдарына да ошол көз караш сиңдирген. Ошол себептүү балдар жакшы билим, тарбия алууга кызыгышпайт;*
- *мамлекет бюджеттен акча бөлгөндүгү үчүн, мугалимдер айлык алгандыгы үчүн балдарды окутуп тарбиялоо иши мектеп, мугалимдин иши деп эсептейт. ошол себептүү балдарынын билим, тарбиясына такыр көңүл бурбаган ата-энелер;*
- *балдарынын жакшы билим, тарбия алуусун каалайт, өздөрү да тарбиялагысы келет бирок, тарбиянын жолу, методдорун билбейт. мектеп мугалимдер менен байланышуудан тартынат, педагогикалык маданиятын өстүргүсү келет бирок анын*

*жолдорун билбейт, педагогикалык китеп, адабияттарды таба албайт. үй-бүлөдө балдардын билим-тарбия алуусун уюштура албайт ж.б. мындай ата-энелер мектептин педагогикалык "энелер мектебинде" окууга муктаж;*

- *азыркы күндө көпчүлүк айыл жериндеги бала бакчалар иштебей калып, 1-класска келген окуучулар акыл эси, ой-жүгүртүүсү жагынан мектепке даяр эмес келүүдө. Мындай балдардын 1-класста окуусуна кыйынчылык түзүп, мугалимдерди жана ата-энесин бир топ кыйнап коюуда. Баарынан өкүнүчтүүсү мектепке даярдыксыз келген бала алгачкы күндөрдөн баштап, сабакка жетишпей, окууда, билим алуудан, мектептен жадап, билим алгысы келбей калат. Кийинчерээк жогорку класстарда да китеп окуу, жазуу, сүйлөө, ойлоо ж.б. окуу иш аракеттерин аткарууда кыйналып, начар окуган балдардын катарына кошулуп, басынып чөгүп кетет. Бул өз кезегинде балада билим алууну жек көрүүнү, кыжырданууну пайда кылат, жүрөгүндө из калтырат.*

Бул оюбузга далил болсун үчүн 1997-жылы гимназияда психологиялык тесттин негизинде 1-класска кабыл алуудагы бир эки мисалды келтиребиз. Ж. аттуу окуучу аңгеме учурунда үй эмеректеринин аттарын, милдеттерин, жаныбарлардын аттарын айтып бере албады. Ал бакчада болгон эмес. Ата-энеси, ага-эжелери ал бала менен машыгып, бакчанын ордун толтурган эмес. Ата-энеси базар, тиричилиги менен болуп, балага көңүл бурган эмес. Натыйжада баланын сөз байлыгы өспөй, акыл интеллекти талапка жооп бербей калган (бирок акыл эси жайында болгон). Сезүү, кабылдоо, ойлонуунун элементардык ыкмалары калыптанган эмес. Айлана-чөйрөдө көргөн, уккандарын байланыштырып, сүрөттөп айтып бере албай калган. Кол манжалары калем, ручка кармап көнгөн эмес, сүрөт тарта албайт. Манжаларынын чийүү, жазуу үчүн реакциясы өрчүгөн эмес. Психологиялык, эмоциялык өсүүсүндө да бир топ проблемалар болгон. Тунттук, тартынчаактык басымдуулук кылып, аңгеме, суроо-жоопко ачык маанай менен, эркин катыша албайт. Кызыгуу, тан калуу, суроо берүү калыптанбай калган. Аңгеме учурунда ал бала ата-энеси тарабынан бир да жомок, ыр, аңгеме, табышмак, жаңылмач укпагандыгы сезилди. Ага тең кур балдар менен эркин мамиледе болууда да кыйналат. Көпчүлүккө аралашып, өзүн эркин сезе албайт.

Бул бала биринчи класста окуп жатып, өтө кыйналары, жогорку класста да окууга жетишүүсү жакшы боло бербестиги көрүнүп турат. Өкүнүчтүүсү айыл жеринде мындай окуучулар ого эле көп.[1] Ошол себептүү "Энелер мектебинде" балдары 1-класска келген энелер эле эмес, 1, 2 жылдан кийин балдары окууга келе турган энелерди окутуп баштаса туура болчудай. Өзгөчө бала бакчалар иштебеген айылдарда бул сөзсүз аткарылуусу зарыл деп ойлойбуз. Себеби эгер 1-класска келгенден баштап, алар сабакта, сабактан тышкары учурларда билимдүү педагогдордун тарбиясында болсо, мектеп жашына чейин алар бала бакча иштебегендиктен көбүнчө эле өзү болот. Көпчүлүк ата-энелердин мектепке чейинки балдарды тарбиялоого билим жана тажрыйбасы жетишпейт. Жетишкени да маани берип, көңүл бурбайт.

Айыл жериндеги мектептердеги дагы бир проблема ата-эненин мектеп менен байланышынын начардыгы болуп эсептелет.

Ата-энелердин сабактарга катышуусу, мугалимдер менен байланышып аңгемелешүүсү, балдарынын билим, тарбиясындагы проблемаларын сурап билүүсү өтө төмөн. Чындыгында бир чейректе эмес, бир жылда да мектепке келип, сабактарга катышып, класс жетекчилер менен сүйлөшүп, өз баласынын билим, тарбиясына кызыккан ата-энени сейрек жолуктурасын жана бул ойлондурат. Ата-энелер чогулушу болгондо, мектеп ачылганда, же акыркы коңгуроодо эле келбесе башка учурда атайлап баласынын билим, тарбиясынан кабар алып, мугалими менен ой бөлүшүп, жардам берейин деп келген ата-энелер өтө аз. Бул окуучунун билим алуудагы жана тарбиясындагы бардык проблемалары

---

[1] Г. Мадаминов. "Ата-энелер сиздер үчүн". – Бишкек, 2017. 4-б.

үчүн мугалимдин жалгыз күнөөлүү болушуна алып келүүдө жана балдар билим тарбия алуудагы проблемаларынын чечилишин татаалдаштырат.

Эгер чындыгын айтсак, бул кейиштүү абал дээрлик бардык айыл мектептериндеги ата-энелердин мектеп менен болгон байланышынын 70% билдирип турат. Ошол себептүү ата-энелерди мектепке, сабакка, тарбиялык ишке тартуу учурдагы эң чоң маселелердин бири.

Ата-энелердин 80% балдарга арналган китептерди билишпейт, кызыкпайт, сатып бербейт. Булардын натыйжасында үй-бүлөдө китепти окутуу, кайра айтып берүү, талкуу жүргүзүлбөйт. Балдардын үй-бүлөдө китеп окубастыгынын себеби:

- *Ата-энелер тарабынан үйдө китеп окуу уюштурулбагандыгы.*
- *Ата-эне ж.б. үй-бүлөдөгү чоңдордун өздөрү адабий китеп окубагандыгы, же аз окугандыктары. Бул өзү чоң таасир берет, себеби балдар чоңдордон көргөнүн жасайт.*
- *Балдардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык адабий китептерди ата-энелер тандап бере албайт.*
- *Үй-бүлөдө чогуу адабий китеп окуу жана талкуу жокко эсе.*
- *Үй-бүлөлүк китепкана уюштурулган эмес* [5].

Биз буларды ата-энелер, окуучулардан алынган анкеталар жана сурамжылоонун негизинде тастыктадык. Баарынан да кейиштүүсү бул абал айылдагы 70-80% үй-бүлөгө таандык.

Бул абал өзгөчө азыркы информациялык коом, телевизор, интернеттин жайылышы менен тереңдеп баруудa. Албетте, компьютердин, интернеттин пайдаланылышы жакшы, бирок адабий, илимий-популярдуу китептерди эч нерсе алмаштыра албастыгын турмуш далилдеген.

Балдар билим-тарбия жана маданиятты мугалимден алып, китептен окуп эле калыптанбайт. Үй-бүлө, ата-энени көрүп өсөт, б.а. “сөз чакырат, үлгү ээрчитет” деген макалда айтылгандай адамгерчиликтин, маданияттын үлгүсүн балдар үй-бүлөдөн алат.

Ал эми айыл мектептеринде кээ бир мугалимдер, өзгөчө ата-энелер өздөрү да билим, маданияттуулуктун үлгүсүн, эч болбосо билим, маданиятты баалоонун үлгүсүн, ошого умтулуунун үлгүсүн көрсөтүп бере албай калууда. Мисалы биз изилдеген ата-энелердин 80% адабий китеп дээрлик окубагандыгы, китепкананын жоктугу маалым болду.

Балдардын мектепте жакшы окуусу үй-бүлөдөгү шарттан, атайын сабак даярдоочу бөлмөнүн болуусунан көз каранды.

Айыл жеринде көпчүлүк ата энелер бул маселеге анчалык маани беришпегендиги, ал эле эмес, үйдө балдарына сабак даярдоо үчүн атайын орундун жоктугу болду. Балдары үйдө туш келген жерде олтуруп жазып, окуп, коллиграфиясы (кол жазмасы), көзүнүн көрүүсү бузулуп кыйналууда. Биз изилдеген үй-бүлөлөрдүн 50% жакынында атайын сабак даярдоочу орун жоктугунан болуп балдар сабакты ата-энелер менен бир бөлмөдө телевизор, ызы-чууда даярдоосу белгилүү болду. Мындай көрүнүш өзгөчө кыш мезгилинде байкалат.

Бир жыйында хронометраж жасатып, “24 саатыңыздарды эмнеге жумшаарыңыздарды бөлүп чыгыңыздар” деп тапшырма бергенибизде, кызыктуу жоопторду алдык. Отургандардын баары күндөлүк убактын бөлүп чыкканда уктоо, конок күтүү, телевизор көрүү ж.б. га убакыт бөлүп, балдар менен баарлашууга, билимин көзөмөлдөөгө убакыт дээрлик жок болуп чыкты. [2]

Сурамжылап, анкета алганыбызда, ата-энелердин 60-70%ы балдарды билимге кызыктыруу, мотивация, тарбиялоонун методун, багыттарын билбестиги аныкталды. Мисалы:

1. “*Балаңызды билимге кызыктырууңуз”* деген суроого 20- 30% “оку, окубасаң, кыйналасың” деп айтышса, кээ бирлери “күндөлүк, дептерди текшерем” деген. 5-10% эле үлгү көрсөтүп, чогуу окуп, мисал айтып, кызыктыраарын айтышкан.

[2] Г. Мадаминов “Ата – энелер сиздер үчүн”. Бишкек 2017. 60-б.

2. *Тарбиянын багыттары жөнүндөгү суроого* “акыл-эс тарбиясы”, “Эстетикалык тарбия” ж.б. жөнүндөгү суроолорго 70-80% ата-энелер жооп берүүгө кыйналган.

3. *“Ата-энелер сиздер үчүн китебиндеги тарбиялоонун принциптеринин кайсыларына амал кыласыз”* деп сураганда, ата-энелердин 60-70%ы тарбиялоо принциптерин билбестиги аныкталды.

4. Ошол эле китептеги “*Тарбиялоонун 15 методунун кайсыларын билип, пайдаланасыз”* деген суроого 20-30% ата-энелер аңгеме түшүндүрүү, үйрөтүү деп жазышкан. 50-60% ата энелердин тарбиялоо методдорун толук билип, пайдаланбагандыгы аныкталды [5].

Демек, айыл мектептериндеги ата-энелердин педагогикалык маданияты өтө төмөн, аларды бул багытта агартуу иши жокко эсе. Мектеп мугалимдер ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүгө маани берип, жетише албай жатат.

Айыл мектептерде билим сапатынын төмөндүгүнүн себебин изилдеп, аларды жогорулатуу таасирлерин аныктаганыбызда негизги факторлордун бири айыл мектептеринин *мугалимдеринин педагогикалык маданиятынын талапка жооп бербестиги*. Алар бул максатта ата-энелерди ишке тартуунун илимий методикалык негиздерин билбестиги болду. Эң башкысы айыл мектептеринде мугалимдер окуучулардын тарбия-таалимин жакшыртууда үй-бүлө, ата-эне менен кызматташа албагандыгы билинди.

Лейлек районундагы мектептердин 100 жаш мугалиминен анкета алып, аңгеме өткөргөнүбүздө төмөнкү абал байкалды:

*1. Азыркы мугалимдердин 60-70%ы 90-жылдарда ЖОЖду бүтүргөндүгү аныкталды.* Алардын көпчүлүгү (30-40%) сырттан окуп, же окуусун жумуш менен айкалыштырып бүтүргөн.

*2. Бул мугалимдердин көпчүлүгү өз предметин мыкты билип, балдарга үйрөтүүдөн кыйналышат.*

*3. Алардын 90%ы ата-эне, үй-бүлө менен иштөө методун, жол-жоболорун, формаларын мыкты билишпейт.*

4. *“Ата-энелер менен иштөөнүн кайсы формаларын пайдаланасыз?”* деген суроого 80% ата-энелер класстык ата-энелер чогулушу деп жазышкан. 5-10% ата-энелер менен аңгемелешүү, үйлөрүнө баруу деп жазышкан.

5. *“Чогулушта талкууланган маселелер?”* деген суроого 70-80% мугалимдер окуучулардын чейректери, сабактарга катышуусу жана жетишүүсү деп, башка жооп жаза алган эмес. 5-10% тартип бузуу, укук бузуунун алдын алуу деп жазышкан.

6. *“Ата-энелер менен иштөөдө кайсы адабияттарды пайдаланасыз?”* деген суроого “педагогикалык адабияттар” деп жооп берип, бир да автордун, классик педагогдун (Каменский, Макаренко, Сухомлинский) атын жазышкан эмес.

*7. “Ата-энелерге бала тарбиясы боюнча өткөн лекция, семинарларыңыз”* деген суроого белгилүү бир темалар жазылбай, чогулуш, семинар, жолугушуу деп жазылган.

*8. “Ата-энелерге бала тарбиясы боюнча сунуштаган адабияттарыңыз”* деген суроого жалпы сөз менен жомок, адабий китептер, гезит-журналдар деп жазган.

9. *“Жыл ичинде сиз үй-бүлөсүнө барган окуучулар”* деген суроого “тартип бузган, сабакка келбей койгон окуучулар” деп жазган.

10. *“Ата энелер менен кызматташууңуз?”* деген суроого “ата –энелер балдарынын окуусуна кызыкпайт, чакырсаң келбейт, кайдыгер”, деп жооп беришкен.

Бардыгынан ойлондуруучу маселе биз сурамжылаган 80-90% мугалимдер ЖОЖдордо ата-эне, үй-бүлө менен иштөөнү үйрөнбөгөндүгүн, өздөрүнө да педагогика, психология сабактары үстүртөн, кызыксыз өтүлгөндүгүн ошол себептүү мектепте класс жетекчиликте, ата-энелер иштөөдө кыйналып жаткандыгын айтышат [5, 6].

Дагы өкүнүчтүүсү 80-90% мугалимдердин жогорудагы кемчиликтерди түзөтүү үчүн эмне кылуу зарылдыгын билбегендиги жана бул кемчиликтерди түзөтүүгө деги эле кызыкпагандыгы.

Биз бул абалды эске алып, түзөтүү үчүн атайын автордук “Жаш мугалимдер мектебин” ачып, иштеп келебиз.

Демек, балдардын билим сапатынын төмөндүгү, түнт, агрессивдүү, кайдыгер болушунун себеби ушунда экендиги байкалат. Тарбияга маани бербегенибиз бир себеп болсо, баарлашуу, тарбиялоонун жолун билбегенибиз экинчи себеп.

Ошондуктан, балдар үчүн эң алгачкы жана улуу тарбиячы бул – ата-эне, үй-бүлө. Андан кийин – мугалим, коом. Ошол үчүн “тарбия башаты – үй-бүлөдөн ” деп айтсак туура болот. Тарбиянын фундаменти үй-бүлөдөн бирок биз буга жетиштүү маани бербейбиз. Ошол үчүн да жаштар темасында азыркы проблемалар чыгып жатса керек. Демек, ата-энелер өз алдынча окуп, өзүн-өзү тарбиялап, ата-эне мектебинен окуп, бала тарбиясына алдын ала, төрөлө электе баштоосу керек.

**Пайдаланылган адабияттар**:

7. Алимбеков А. “Кыргыз этнопедагогикасы”. – Бишкек. 1996-ж.
8. Какоева А.Т. “Формирование педагогической культуры родителей”. Кандидатская диссертация. – Бишкек. 2003-ж.
9. Волков Г.Н. Этнопедагогика: Учеб. для студ. сред. и высш. пед. учеб. заведений. – М.: Издательский центр «Академия», 1999. - 168 с.
10. Кузнецова В.Г. Словарь философских терминов. – М. 2007 г.
11. Мадаминов Г. “Ата-энелер сиздер үчүн”. – Бишкек. 2000-ж.
12. Мадаминов Г. “Билим, тарбия, маданият баалуулугу”. – Ош. 1997.